Тиркеме

**Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоо эсебине алуу**
**ТАРТИБИ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоо эсебине алуунун ушул тартиби (мындан ары – Тартип) онлайн-форматта Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жери жана барган жери боюнча каттоо процесстерин жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын чегинде жарандарды жашаган жери жана барган жери боюнча каттоо эсебине алуу жарандардын өзүнүн укуктарын жана эркиндигин ишке ашыруусу, ошондой эле алардын башка жарандардын, мамлекеттин жана коомдун алдындагы милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл шарттарды камсыздоо максатында ишке ашырылат.

2. Бул Тартипте төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) **турак жай** - туруктуу же убактылуу жашоо үчүн арналган жана пайдаланылган, Кыргыз Республикасынын турак жай мыйзамдарында белгиленген техникалык, санитардык жана башка милдеттүү талаптарга жооп берген турак жай фондунун өзүнчө бирдиги (жеке турак үй, жеке турак үйдүн бөлүгү, көп батирлүү үйдөгү батир, коммуналдык батир, коммуналдык батирдеги бөлмө, адистештирилген турак жай фондунун үйлөрүндөгү бөлмө, көчмө турак жай фондунун турак үйү);

2) **жашаган жери** - Кыргыз Республикасынын жараны туруктуу же көбүнчө жашаган жер;

3) **барган жери -** Кыргыз Республикасынын жарандарынын туруктуу же көбүнчө жашоосу үчүн арналбаган жер;

4) **каттоо эсеби** - Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жери жана барган жери боюнча эсепке алуунун электрондук системасы, анын негизги принциби ички миграция процесстерин, анын ичинде онлайн форматта жөнгө салуу болуп саналат;

5) **электрондук кол тамга (мындан ары – ЭК)** - электрондук формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) логикалык жактан ага байланышкан жана маалыматка колу коюлган адамды аныктоо үчүн колдонулган электрондук формадагы маалымат;

6) **электрондук арыз (мындан ары – арыз)** – жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндигин же башка адамдардын конституциялык укуктарын жана эркиндигин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү жөнүндөгү өтүнүчүн камтыган электрондук формадагы кайрылуу.

Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу жашаган жери жана барган жери

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

боюнча каттоо эсебине алуу боюнча арызды Кыргыз Республикасынын жаранынын идентификациялык картасы - паспорту (2004, 2017, 2024-жылдардын үлгүсүндөгү ID-карта) менен документтештирилген Кыргыз Республикасынын жарандары бере алышат.

Жашаган жери жана барган жери боюнча каттоо эсебине алуу жөнүндө арызды турак жайдын ээси жеке өзү берет.

3. Кыргыз Республикасынын жарандарын барган жери боюнча каттоо эсебине алуу жашаган жери боюнча каттоо эсебинен чыгарбастан 1 жылдан ашпаган мөөнөткө жүргүзүлөт.

## 2. Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жери же барган жери боюнча каттоо тартиби

4. Кыргыз Республикасынын жарандары Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу катталуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы № 525 токтому менен бекитилген Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын колдонуу эрежелерине ылайык “Түндүк” мобилдик тиркемеге кирүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

5. Турак жайдын ээси “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу жашаган жери же барган жери боюнча каттоого арыз берет.

Кыргыз Республикасынын жаранын жашаган жери жана барган жери боюнча каттоодо системада жашаган жери жана барган жери боюнча каттоого төмөнкү учурларда арызды берүү мүмкүн эместиги тууралуу билдирүү түзүлөт:

- эгерде каттоо эсебине алуу учурунда турак жайда 10 жана андан ашык Кыргыз Республикасынын жараны катталгандыгы аныкталса;
- эгерде бир нече адам турак жайдын ээси болсо;
- эгерде арыз ээси консулдук эсепте турса;
- эгерде турак жайдын ээси колдонуучу катарында көрсөтүлсө (мыйзамсыз курулуш);
- эгерде арыз ээси Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкса;
- фотосүрөтү бар турак жайдын ээсинин жана/же арыз ээсинин Face ID Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун мамлекеттик реестриндеги, биометрикалык маалыматтар базасындагы жана “Паспорт” автоматташтырылган маалымат системасындагы маалыматтарга шайкеш келбесе.

6. Турак жайдын ээси “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу жашаган жери же барган жери боюнча каттоого арыз берүүсү үчүн төмөнкүлөр зарыл:

1) “жашаган жери же барган жери боюнча жарандарды каттоо” кызматын тандоо;

2) арызды тариздегенден кийин “арызды берүү” кнопкасын басып, төмөнкүлөрдүн бирин тандоо:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- өзүн;
- өзүнүн баласын;
- башка жаранды (жашы жеткен);
- башка жаранды (жашы жете элек).

Турак жайдын ээсинин дареги автоматтык түрдө чыгат (эгерде жашы жеткен жаран болсо – Кыргыз Республикасынын жаранынын идентификациялык жеке номерин (мындан ары - ИЖН) киргизет, эгерде жашы жете элек адам болсо - катталуучу жарандын ИЖНин жана ата-энесинин ИЖНин киргизет);

3) турак жай ээсинин ким экендигин ырастоо максатында “Face ID (liveness)” сервиси аркылуу идентификациядан өтүү;

4) электрондук почтадан ырастоо кодун алуу;

5) жашаган жери же барган жери боюнча каттоого ЭКнын жардамы менен арызга кол коюу.

Арыз ырасталгандан кийин “Түндүк” мобилдик тиркеме каттоодон өткөн арыз ээсинин өтүнмөсү ырасталгандыгы тууралуу автоматтык режимде билдирет.

7. Кыргыз Республикасынын жараны (мындан ары – арыз ээси) үчүн “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу жашаган жери же барган жери боюнча каттоого төмөнкүлөр зарыл:

1) “жашаган жери же барган жери боюнча жарандарды каттоо” кызматын тандоо жана келген максаты көрсөтүлгөн арызды ырастоо:

- туруктуу жашоо;
- барган жери.

2) арыз ээсинин ким экендигин ырастоо максатында “Face ID (liveness)” сервиси аркылуу идентификациядан өтүү, Face ID шайкеш келгенден кийин чымчыкчаны басуу жана автоматтык түрдө электрондук арызды тариздөө жана жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук берүү;

3) электрондук почтадан ырастоо кодун алуу;

4) жашаган жери же барган жери боюнча каттоого ЭКнын жардамы менен кол коюу.

8. Турак жайдын ээси жана арыз ээси ЭК аркылуу арызга кол койгондон кийин “Ийгиликтүү каттоо” терезеси чыгат.

## 3. Корутунду жоболор

9. “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Тартипке ылайык электрондук форматта кызмат көрсөтүү процессинде берилген маалыматтар (анын ичинде жеке маалыматтар) санкциясыз кирүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүп салуудан, бөгөт коюудан, тарап кетүүдөн жана өздүк кызыкчылыкта колдонуудан корголууга тийиш.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

10. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык турак жайдын ээси жана арыз ээси арызга киргизилген документтердин жана маалыматтардын аныктыгына жоопкерчилик тартышат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН